Кыргыз-Түрк “Манас” Университетинин Окумуштуулар кеңешинин курамы университеттин Уставынын 9-беренесинин негизинде түзүлөт.

Кыргыз-Түрк “Манас” УниверситетининУставынын Окумуштуулар кеңеши тууралуу беренелери

**Окумуштуулар кеңеши**
**9-берене**

Окумуштуулар кеңеши университеттин академиялык органы болуп саналат. Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы университеттин Ректору болуп саналат. Окумуштуулар кеңешинин курамы проректорлор, факультеттин декандары, институт жана жогорку мектептин мудүрлөрү менен бирге ар бир факультеттен факультеттик кеңеш тарабынан 3 жылга шайланган бирден мүчөдөн түзүлөт.

Окумуштуулар кеңеши ар бир окуу жылынын башында жана аягында, жылда эң аз 2 жолу жыйынга чогулат.

Ректор зарыл учурда Окумуштуулар кеңешинин кезексиз отурумун чакыра алат.

**Окумуштуулар кеңешинин негизги милдеттери**
**10-берене**

Университеттин жогорку академиялык органы болгон Окумуштуулар кеңешинин негизги милдеттери төмөндөгүдөй:

1) Университеттин окуу-тарбия, илимий изилдөө жана басып чыгаруу
2) ишмердүүлүгүнүн негиздерине байланыштуу чечимдерди кабыл алуу;
3) Университеттин жылдык окуу программасын жана академиялык календардык планын карап чыгып, бекитүү;
4) Диплом берген түзүмдөрдүн окуу программаларын жана алар боюнча өзгөртүүлөрдү бекитүү;
5) ЖОЖдон кийин билим берүүгө байланыштуу негиздерди аныктоо;
6) 2 жылдык жана 4 жылдык билим берүү программасы боюнча студенттердин сабакка катышуу, ара сынактардын саны жана алардын студенттин алган баасына тийгизген таасири; практика, сынак жана кайра тапшыруу сынактары сыяктуу шарттардын негиздерин белгилей турган инструкцияларды бекитүү;
7) Студенттер үчүн жүрүм-турум инструкциясын бекитүү;
8) Университеттин түзүмдөрүнүн арасындагы мамилелерди жөнгө салуу;
9) Бир жылда бир жолу Ректорлук тарабынан даярдалган университеттин ишмердүүлүгүнүн отчетун талкуулоо, тийиштүү сунуштарын киргизүү;
10) Факультеттердин башкаруу кеңештеринин өзгөчө стипендия жана ардактуу академиялык наамын ыйгаруу боюнча сунуштарын карап чыгып, бекитүү (Университеттин стипендия боюнча инструкциясы, Университеттин ардактуу академиялык наам ыйгаруу жобосу);
11) Факультет кеңештери жана Ректорлукка караштуу институт жана жогорку мектеп кеңештеринин чечимдери менен макул болбогон жагдайларын иликтөө жана чечимдерди кабыл алуу;
12) Университеттин Башкаруу кеңешине мүчө тандоо;
13) Ректорлук сунуштаган маселелер боюнча пикир алышуу жана чечимдерди чыгаруу.



Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Web : www.manas.edu.kg

Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg
Web : www.manas.edu.kg